**«Бекитемин»**
Жусуп Баласагын атындагы КУУнун
илимий иштери боюнча проректору,
физ.-мат.и.д., профессор Чекеев А.А.

_______________________

«19»-октябрь 2021-ж.

**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасынын №2 –жыйынынын протоколунун**

**КӨЧҮРМӨСҮ**

Бишкек шаары, **19-октябрь 2021 - жыл**

**Күн тартиби:**

Кафедранын изденүүчүсү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Илимий жетекчиси – т.и.д., профессор **Чороев (Чоротегин) Тынчтыкбек Кадырмамбетович**

**Катышкандар:**

Асанов Т.И. – кафедра башчысы, т.и.к., доцент – жыйындын төрагасы, Жакыпбеков Ж.Ж. - т.и.д., профессор, Бедельбаев А. т.и.к., профессор, Момбекова Ж.К.- т.и.к., профессор, Мамбетова К.М.-т.и.к., профессор, Жанакеева А.Т. т.и.к., профессор, Султаналиева Н.И. - т.и.к., доцент, Асантурова Т.А. - т.и.к., доцент, Арзыгулова З.А. - ага окутуучу, Мамытова А.Б. -ага окутуучу, Толобаева Э.А. - ага окутуучу, Кадыралиева Н.Ш., ага окутуучу, Сатимкулова М.А. ага окутуучу, Чороев (Чоротегин) Т.К. -т.и.д., профессор, Кожобеков М.Ч. – т.и.к., профессор, Солтобаев О.А. – т.и.к., доцент, Жолдошов Р. – т.и.к., доцент, Сырдыбаев Т.Т. – т.и.к., доцент, Алымкожоев Ө.Ж. – изденүүчү.

Жыйындын катчысы: Амирбек кызы Г.

**Баардыгы – 20 киши**

**Чыгып сүйлөгөндөр:**

**Асанов Т.И. – жыйындын төрагасы.** Урматтуу кесиптештер, биз бүгүн кафедранын изденүүчүсү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Оруссиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын кароого чогулуп олтурабыз.

Илимий жетекчиси – т.и.д., профессор Чороев (Чоротегин) Т.К.

Бул диссертациялык ишти тааныштыруу үчүн, адегенде изденүүчүгө сөз берели?

**Изденүүчү Алымкожоев Ө.Ж.:** Урматтуу жыйынтын катышуучулары! Агай-эжелер! Диссертациялык ишимдин мазмунун ачып берүүгө уруксаат этиңиздер.

**Иштин актуалдуулугу.** Кыргызстан 1991-жылы мамлекеттик көз каранды эместикке жетишкен соң, жана мурдагыдай бир гана партиянын идеологиялык үстөмдүгү жана расмий цензурасы биротоло жоюлгандан кийин Кыргызстандын бардык тарыхый баскычтарын калыс бейтарап

изилдөө үчүн жаңы мүмкүнчүлүктөр ачылды. Бул мүмкүнчүлүктөрдүн арасында кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаралган шарттар да бар.

Дал ушул жаңы кырдаалда пост-советтик кыргыз тарыхнаамасында кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, маданияты боюнча алгылыктуу илимий изилдөөлөр аткарылып жатат. Ошентсе дагы кыргыз тарыхындагы айрым маселелер боюнча айырмалуу көз караштар, талаш-тартыштар дагы эле улантылып жатат. Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер талаш-тартыш чордонун түзүп келет.

Дал ушул көйгөйлөрдү археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келе жаткан чыгаан инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, Орусия Федерациясынын Илимдер академиясынын Сибир бөлүмүнүн Археология жана этнография институтунун жетектөөчү илимий адиси, Новосибирск мамлекеттик университетинин Гуманитардык факультетинин Археология жана этнография кафедрасынын профессору, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков (ал 1947-жылдын 8-декабрында туулган) болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С. Худяковдун XX кылымдын 70-жылдарынын ортосунан бери жүргүзүп келе жаткан археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде чагылдырылып келет.

Илимпоз Ю.С.Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди жаңыча тактоо да — азыркы мезгилдеги кыргыз тарыхнаамасы үчүн актуалдуу зарылчылык.

**Илимий иштин максаты жана милдеттери**: Диссертациялык иштин негизги максаты — профессор Ю. С. Худяковдун өмүр жолунун урунттуу учурларын жана чыгармачыл ишмердүүлүгүн изилдеп, анын заманбап кыргыз таанууга кошкон өзгөчө салымын айгинелөө.

Жогоруда коюлган максатты ишке ашыруу үчүн төмөндөгүдөй милдеттер коюлат:

- Оболу пост-советтик Кыргызстандагы инсан таануунун тарых наамасын иликтөө;
- Ю.С. Худяковдун өмүр жолун жана илимий ишмердүүлүгүн изилдөө методдорун аныктоо;
- профессор Ю.С.Худяковдун өмүр жолунун баскычтарын жана чыгармачыл ишмердигин ар кыл өңүттө чагылдырган булактарды изилдөө;
- Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу илимине кошкон ар тараптуу салымдарын илимий талдоо;
- Ю.С.Худяковдун өмүрүнө жана анын чыгармачыл ишмердүүлүгүнө байланыштуу маалыматтарды илимий изилдөөнүн объектиси жана предмети катары жалпылап чагылдыруу;
- Окумуштуу Ю.С.Худяковдун илимий-педагогикалык жана чыгармачылык өмүрүнүн баскычтарын тактоо;
- профессор Ю.С.Худяковдун Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын байыркы жана орто кылымдардагы этностук тарыхы жаатындагы эмгектерин иликтеп, анын совет доорундагы “кызласовдук”

сыяктуу айрым илимий жоромолдорду калыс сынга алып, четке кагуудагы зор салымдарына сереп жасоо (анализдөө);

-  байыркы жана орто кылымдардагы кыргыздардын этностук аймагы боюнча профессор Ю.С. Худяковдун жаңычыл көз карашын талдоо;

-  профессор Ю.С.Худяковдун Энесайдагы жана Теңир-Тоодогу кыргыздардын этностук-маданий жалпылыгы жөнүндөгү көз карашын айрыкча иликтөө;

-  профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана “кыргыз” этнониминин келип чыгышын жана чечмеленишин талдоого арналган эмгектерине сереп жасоо;

-  профессор Ю.С.Худяковдун кыргыздардын жана аларга коңшу элдердин байыркы жана орто кылымдардагы аскер иши жана курал жарактарын изилдөөлөрүнө сереп жасоо; ж.б.

**Изилдөөнүн жаңычылдыгы:**

- окумуштуу, археолог, кыргыз таанууччу, профессор Ю.С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары (анын ичинде 1930-40-жж. сталиндик жазалоолорго жазыксыз жерден кабылган таятасы, ата-энеси тууралуу) жана илимий ишмердигинин мөмөлөрү заманбап Кыргыз тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденди;

- Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды.

- Энесай кыргыздары менен Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук, маданий жана башка тарыхый жалпылыктары Ю.С.Худяковдун эмгектерин талдоо аркылуу изилденди;

- “Кыргыз” этнонимин тарыхый-этнографиялык, археологиялык, лингивистикалык изилдөөлөрдүн учурдагы акыбалына илимий сереп жасалды;
- Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө кошкон салымына салыштырмалуу илимий талдоонун негизинде алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде жалпылама баа берилди.

**Илимий-практикалык мааниси:** Диссертациянын илимий жыйынтыктары байыркы доордогу жана орто кылымдардагы кыргыз мамлекетинин этносаясий тарыхын, Теңир-Тоо жана Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын, этногенезин, маданиятын, аскер ишин, ж.б.у.с. маселелерди жаңыча иликтөөдө пайдаланылышы күтүлөт. Бул эмгектеги Теңир-Тоо, Энесай, Борбордук жана Ички Азия кыргыздардын этностук, этномаданий жана саясий байланыштарын иликтөө — кыргыз улутунун жана кыргыздарга тектеш башка түрк тилдүү калктардын жалпы тарыхын, археологиясын, этнологиясын жана этнографиясын үйрөнүү үчүн огожо боло алат. Ошондой эле, изилдөөдөн алынган тыянактар профессор Ю.С. Худяковдун кыргыздардын жана Кыргызстандын тарыхын изилдөөдөгү ордун жана ролун, ошондой эле, жалпы Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын тарыхын изилдөөгө кошкон бараандуу салымын терең түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин, окуу куралдарын, тандалган сабактарды даярдоого көмөк берет. Ошондой эле, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнамасы курстарын окутууда баалуу окуу материалы катары колдонулмакчы. Ю.С. Худяковдун өрнөктүү өмүр жолу жана кеңири

багыттагы чыгармачылыгы илимпоздордун улам жаңы муундарына мээнеткеч, так, калыс изилдөөлөр жүргүзүүлөрү үчүн өзгөчө баалуу турмуштук сабак кызматын аркалайт.

**Коргоого сунушталуучу негизги жоболор:**

1. Ю.С.Худяковдун мыкты окумуштуу кыргыз таануучу болуп калыптанышына илимий мектептен сырткары, үй-бүлөдөгү Вяткадан чыккан орус тектүү Худяковдор менен АКШдан келген немис тектүү профессор Геккердин урпагы катары, ата-теги болгон эки элдин тең өкүлдөрүнүн таасири тийген.

2. Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары жана тыянактары байыркы жана орто кылымдарда ар кыл чөлкөмдөрдө байырлаган кыргыздардын тарыхы боюнча жаңычыл жана илимий чындыкка төп келет жана кыргыз таануу багытын калыптанышына негиз салат;

2. Ю.С. Худяков “Кыргыз” жана орто кылымдардагы Энесай тарыхы үчүн жасалма таңууланган “хакас” этнонимдери четке какканы илимий чөйрөдөгү талашка карабастан туура деп аныктайбыз;

3. Энесай жана Теңир-Тоо кыргыздарынын этностук-маданий, тектик жалпылыгы профессор Ю.С.Худяков ишенимдүү тарыхый-географиялык, археологиялык, лингвистикалык булактардын негизинде талдап айгинелей алган.

4. Кыргыздардын жана башка көчмөн уруулардын аскер иши, курал-жарактарын изилдөөдөгү профессор Ю.С.Худяковдун саамалыктары Евразия тарыхын заманбап изилдөөдөгү, асыресе, Евразиядагы көчмөндөр цивилизациясынын өнүгүүсүндөгү урунттуу жагдайларды иликтөөдөгү жаңычыл мамиле болуп саналат.

5. Профессор Ю.С. Худяков Кыргыз каганаты доорундагы, анын ичинде 2020-жылы негизделишинин 1180 жылдыгы белгиленип жаткан Улуу Кыргыз каганаты доорундагы кыргыздардын аскер иши, согуштук өнөрү, курал-жарактарынын өнүгүшү, журт которуулары боюнча жаңы

археологиялык жана этнологиялык маалыматтарына негизделген илимий жоболорду калыптандырып жаңычыл көз караштагы илимий мектепти түзүп, анын өнүгүшүнө өбөлгө түзө алды.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы:** Диссертациялык иш заманбап кыргыз таануунун бири-бирине чиеленишкен маселелерин: байыркы жана орто кылымдардагы Теңир-Тоо жана Энесай кыргыздарынын этносаясий, этномаданий, социалдык-экономикалык ж.б. тарыхынын тарыхнаамасын профессор Ю.С.Худяковдун чыгармачылыгынын мисалында изилдөө менен инсан таануу багытындагы иликтөөнү аталган чыгаан илимпоздун жекече өмүр таржымакалынын урунттуу учурларын чечмелөөнү айкалыштыруу аркылуу жүзөгө ашырылып, кыргыз таануудагы худяков таануу багытын ачып берген башаттык салым болуп эсептелет.

**Диссертациялык иштин апробацияланышы.** Диссертациялык иштин негизги мазмуну жана илимий тыянактары, пикирлер 5тен ашуун эл аралык илимий конференцияларда жана илимий журналдар менен жыйнактарда (Кыргызстан, Орусия, Украина, Кытай, Казакстан), бир катар республикалык илимий жыйындарда, семинарларда жана коомдук жолугушууларда апробацияланды.

Изилдөөнүн натыйжаларынын жарык көрүшү. Диссертациялык илимий иштин өзөккү мазмуну Кыргыз Республикасынын ЖАКы сунуш эткен атайын илимий жыйнактарда, чет элдик илимий басылмаларда жана эл аралык, республикалык илимий конференциялардын жыйнактарында жарыяланган илимий макалаларда кеңири камтылды. Жалпысынан диссертациянын темасы боюнча 20дан ашык илимий макала жарык көргөн.

**Диссертациялык иштин структурасы жана көлөмү** коюлган милдет, максат жана изилденүүчү маселелерди чечүүнүн логикалык ырааттуулугу менен шартталган. Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана сүрөттөр, карталар, глоссарий, видео камтылган тиркемеден турат.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Баяндамаңыз үчүн рахмат. Урматтуу кесиптештер, Өмүрбек Жумадиловичке суроонуздар болсо берсеңиздер!

**Профессор Жакыпбеков Ж.Ж.:** Сиз диссертацияңыздын темасында Ю.С. Худяковдун кыргыздардын байыркы жана орто кылымдар доорлоруна тийиштүү мезгилдерди камтыган эмгектерин изилдеп жаздыңыз. Киришүү жагында эмнегедир XIX к. экинчи жарымы XX к. башындагы окумуштуулардын эмгектерин кошуп коюптурсуз. Ю.С.Худяковдун изилдөөлөрүнө ушул авторлордун эмгектеринин тийешеси барбы? Мисалы, Ч.Турдалиеванын Ч.Валиханов тууралуу жазган эмгегинин сиздин илимий изилдөөңүзгө кандай тийешеси бар?

**Алымкожоев Ө.Ж.:** Менин илимий ишим тарыхчы-окумуштуу инсанга арналган. Ошондуктан биз Ч.Турдалиеванын Ч.Валихановдун илимий изилдөөлөрүнө арналган эмгегин пайдаланып, аны шилтеме катары бердим. Себеби менин диссертациялык ишимдин биринчи бабында тарыхчы-окумуштуу инсандардын эмгектерин изилдеген окумуштууларга талдоо жасалган.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, дагы суроолор болсо берсеңиздер... Эгерде, суроолор жок болсо, менде суроо бар. Сиз Ю.С.Худяков тууралуу изилдөөлөрдү жүргүзүп жатасыз, профессор Ю.С. Худяков менен жеке өзүңүз жолугуп, канча жолу пикир алыштыңыз? Диссертацияңыздан мен бул тууралуу көргөн жокмун.

**Алымкожоев Ө.Ж.:** Албетте, Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымын изилдеп жаткандан кийин, профессор Ю.С. Худяков менен 2012-жылдан бери Кыргызстанда өткөрүлгөн илимий конференцияларда жолугуп, пикир алышууга мүмкүнчүлүктөр болуп жатат. Ал эми 2015-жылы октябрь айында атайын илимий сапар менен Новосибирск шаарына барып, илимпоздун иш бөлмөсү менен таанышып, өзүмдүн илимий ишим боюнча

баарлашып келгем. Пикир алышуу тууралуу диссертациялык иштин тиркемелер бөлүмүнө аудио, сүрөт катары тиркейм.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, башка суроолор барбы? Анда, суроолор жок болсо, талкуууга өтөлү. Диссертацияны окуп чыктыңыздар, анда талкуууга өтсөк. Алгачкы сөз т.и.д., профессор Ж.Ж. Жакыпбековго берилет.

**Профессор Жакыпбеков Ж.Ж.:** Ө.Ж. Алымкожоевдин кандидаттык диссертациясы 07.00.02 –Ата мекендин тарыхы шифрине ылайыктап жазганга аракет кылган. Бул илимий иште киришүү, биринчи бап - инсан таануу, экинчи бап - Ю.С. Худяковдун илимий ишмердүүлүгү боюнча булактар жана изилдөө методдору, үчүнчү бап – профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымакалын жаңыча иликтөө, Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу боюнча илимий изилдөөлөрү, корутунду жана адабиятардын тизмесинен турат. Изденүүчүнүн иши 09.00.02 – тарыхнаама шифрине туура келет. Ошондуктан 09.00.02 – шифрин кошууну сунуштайм. Же болбосо төртүнчү баптагы маселени эки-үч параграфка бөлүп туруп, Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу боюнча илимий изилдөөлөрү дегендин ордуна, учурдагы Энесай кыргыздарынын тарыхындагы талаш-тартыш маселелер деп баптын атын өзгөртүп, төртүнчү бапты экинчи бап кылып эки гана бап кылып жазса болот. Диссертациялык иштин текстинде академиялык стиль толук кармалган эмес, журналисттик стиль кошулуп кеткен.

Илимий теманын изилдениши боюнча, үч мезгилге бөлүп караса болмок: биринчи, 1917-жылга чейинки Ю.С. Худяков изилдеген маселелердин тарыхнаамасы, экинчи, совет доорундагы тарыхнаама, үчүнчү, постсоветтик доордогу тарыхнаама. Ушул калыпка салуу туура болуп эсептелинет.

Ошондой эле, “Ю.С. Худяков тарабынан Л.Р. Кызласовдук жоромолду четке кагуу” деп бергенсиз, “Кызласовдук гипотезага жаңыча көз караш

менен мамиле кылуу” деп берсеңиз туура болот. Бул маселе боюнча А. Мокеевдин, В.Я. Бутанаевдин концепцияларын кошуш керек.

Ал эми акыркы бөлүмдөгү Түштүк Сибирдеги жана Борбордук Азиядагы кыргыздардын жана башка көчмөндөрдүн курал-жарактарын изилдөө боюнча, пост-советтик тарыхнаамада кыргызстандык окумуштуу С.С. Иванов сыяктуу авторлордун эмгектерин пайдалануу диссертацияны байытат деп ойлойм. Жыйынтыктап айтканда, жогоруда айтылган сындардын негизинде илимий ишке оңдоп-түзөөлөрдү киргизсе жакшы эмгек болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Жаныбек Жакыпбекович, сиздин мазмундуу пикириңизге ыраазычылык билдиребиз. Сөздү улантсак, кийинки сөз профессор Бедельбаев Аскарбек агайга берилет.

**Профессор Бедельбаев А.:** Мен изденүүчү Ө.Ж. Алымкожоевдин диссертация менен толук тааныштым. Диссертация абдан актуалдуу темада жазылганы талашсыз. Кыргызстандын тарыхына салым кошкон окумуштуулардын салымдарын изилдөө абдан маанилүү. Ө.Ж. Алымкожоевдин чыгарылган макалаларынан улам, изденүүчү жети жылдан ашык бул тема менен алектенип жатканын байкасак болот. Диссертациянын киришүү бөлүмү жакшы берилген. Бирок жогоруда профессор Ж.Ж. Жакыпбеков белгилегендей, журналисттик стиль кошулуп кеткен.

Кыргыздардын этностук тарыхынын изилденишине арналган изилдөөлөрүндө, энесайлык кыргыздарынын этностук тарыхы жакшы берилген, ал эми теңир-тоолук кыргыздардын этностук тарыхы учкай изилденип калган сыяктуу. Ал эми курал-жарактар тууралуу абдан жакшы жазылган. Изденүүчүнүн колдонгон материалдары, адабияттары жетиштүү. Жыйынтыктап айтканда, кемчиликтерди эске алуу менен, жактоого сунуштаса болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Рахмат, Аскар Бедельбаевич. Абдан жакшы пикирлерди айттыңыз. Сөздү улантсак, кийинки сөздү кесиптешибиз т.и.к., доцент Рыскул Жолдошовко берсек.

**Доцент Жолдошов Р.:** Урматтуу кесиптештер, мен диссертация менен кенен таанышып чыктым. Негизинен илимий иш абдан жакшы жазылган. Ю.С. Худяковдун жеке өмүрүнө көбүрөөк орун берилген. Менин пикримде бул ашыкчараак. Изденүүчү Ю.С. Худяковдон башка кыргыз таануута салым кошкон окумуштуулардын эмгектерин дагы кененирээк пайдаланса болмок. Курал-жарактар боюнча кандай карама-каршы пикирлер бар? Ошол тууралуу дагы диссертациялык иште берилсе, диссертация мазмундук жагынан байыйт эле. Жалпысынан диссертациялык иштеги эске алуу менен, коргоого сунуштасак болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Рахмат, Рыскул Жолдошович. Абдан кыска жана нуска айтканыңызга рахмат. Сөздү т.и.к., доцент Орозбек Асекович Солтобаевге берсек.

**Доцент Солтобаев О.А.:** Мен диссертациялык иш боюнча жетишкен жактарына жана жетишпей калган жактарына толук кетейин. Чынында диссертациялык иштин темасы абдан актуалдуу. Өзүңүздөр билесиздер, Ю.С. Худяков кыргыз тарыхы үчүн өчпөс изин калтырды. Ю.С. Худяков менен мен 1989-жылдан бери таанышмын. Ал киши менен эриш-аркак иштеп келе жатам. Профессор Ю.С. Худяковдун өмүр таржымалы абдан кызыктуу, демек изилдөөнү талап кылат. Мен археолог катары, диссертациядагы согуштук куралдар боюнча бөлүмгө токтолсом, курал-жарактардын аталыштарын берүү абдан татаал. Бирок изденүүчү түшүнүктүү тил менен бергенге аракет жасаган.

Жыйынтыктап айтканда, диссертациялык ишти коргоого сунуштасак болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Рахмат, Орозбек Асекович. Профессор Ю.С. Худяковду жакындан тааныган адам катары жакшы

пикириңизди айттыңыз. Сөздү профессор Момбекова Жаңыл Канаевнага берели.

**Профессор Момбекова Ж.К.:** Биринчиден, Ю.С. Хуядков боюнча изилдөө жазуу бул абдан чоң эрдик. Менин пикиримче Ю.С. Худяковдун өмүр баяны тууралуу абдан жакшы жазылган. Негизинен диссертациялык ишти коргоого сунуштасак болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Чоң рахмат. Энесай кыргыздарынын тарыхы боюнча адис, т.и.к., профессор Кожобеков Мурат Чалакеевичке сөз берели.

**Профессор Кожобеков М.Ч.:** Урматтуу талкуунун катышуучулары! Негизинен бир инсанга арнап эмгек жазуу абдан татаал болот. Биринчи булак катары Ю.С. Худяковдун эмгектерин каралып жатканы туура. Ю.С. Худяков кыргыз таанууга салым кошкон саналуу окумуштуулардын бири болуп саналат. Ю.С. Худяковдун окумуштуу катары калыптануу мезгилин 3 этап менен карасак болот. Биринчи, 1970-жылдын башталышынан 1989-жылга чейин – археолог катары кыргыздардын курал-жарактарын изилдөөгө кошкон салымын, археологиялык этапташтыруусу, кыргыздардын маданиятын этапташтыруусун киргизсек болот. Экинчи 1989-жылдан 2003-жылга чейин, Ю.С. Худяковдун кыргыз этностук тарыхына байланыштуу изилдөөлөрүн тарыхчы катары изилдей баштаган. Үчүнчү, 2003-жылдан баштап, кыргыздардын этностук тарыхы боюнча изилдөөлөрү соолгундап кеткен. Ушул бөлүнүштү диссертациянын бир жерине кыстарып койсо болот. Диссертациялык иш татыктуу жазылган деп ойлойм. Мен айтылган пикирлерди эске алып, диссертацияны коргоого сунуштайм.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Чоң рахмат. Сөз, т.и.д., профессор Тынчтыкбек Кадырмамбетович Чороевге (Чоротегинге) берилет.

**Профессор Чороев (Чоротегин) Т.К.:** Чоң рахмат. Менин пикиримде бул диссертациялык иш 07.00.02 - Ата мекендин тарыхы шифрине туура келет. Диссертациядагы 1930-жылдардагы окуялар боюнча жазылышы,

тарыхый акыйкаттык үчүн, тарбиялык мааниси үчүн абдан кызык. Башкача айтканда, диссертацияда Ю.С. Худяковдун өмүр баянынын көрсөтөлүшү диссертациянын жаңычылдыгы болот. Диссертациянын булагы катары Ю.С. Худяковдун эмгектеринин колдонулушу туура деп эсептейм. Ошол эле учурда тарыхнаамада да колдонсо болот. Айрым учурларда илимий иштерди көркөмдөөлөр менен шөкөттөсөк ашыкча болбойт. Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымын изилдөөнү мен абдан дурус деп эсептейм. Менин оюмча диссертацияны коргоого сунуштаса болот.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Чоң рахмат. Сөз, т.и.к., доцент Туратбек Токтобекович Сырдыбаевге берилет.

**Доцент Сырдыбаев Т.Т.:** Инсан таануу боюнча жазуу абдан татаал маселе болуп эсептелинет. Илимий иш актуалдуу темада жазылган. Диссертациянын түзүлүшү туура түзүлгөн. Диссертация талапка жооп берет. Ө.Ж. Алымкожоевдин диссертациялык ишин коргоого сунуштайм.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Чоң рахмат. Кийинки сөздү, т.и.д., профессор К.М. Мамбетовага берилет.

**Профессор Мамбетова К.М.:** Диссертанттын темасынын актуалдуулугу талашсыз. Быйылкы жыл орус-кыргыз эриш-аркак кызматташуусунун жылы болгондуктан, диссертациянын темасы ушул маселеге үндөшүп турат. Профессор Ю.С.Худяковдун кыргыз таануу тармагында эмгеги зор. Ю.С. Худяковдун “кыргыз” жана “хакас” этнонимдери тууралуу талаш маселеде, илимпоздун пикири өтө так берилген. Изилденүүчү Алымкожоев Ө.Ж. Ю.С. Худяковдун пикирин жактап, башка концепцияларга дагы токтолгон. Изденүүчү диссертациялык иши боюнча айтылган сын пикирлерди эске алып, иштеп чыгаарына ишенем. Диссертациялык ишти жактоого сунуш кылабыз деген оюңуздарды тең бөлүшөм.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, мага дагы өз пикиримди айтканга уруксаат берсеңиздер. Изилденүүчү Өмүрбек

Жумадилович изилдеп жаткан темасы абдан актуалдуу, изилдей турган проблема. Мага чейин айтып кеткен кесиптештеримдин, өзгөчө профессор Жаныбек Жакыпбековичтин, Рыскул Жолдошовичтин, Аскар Бедельбаевичтин пикирлерине кошулам. Кириш бөлүмү дурус жазылган. Бирок айрым кемчиликтерге жол берилген. Диссертациялык иште көркөмдөлүп берилген терминдер жолугат. Аларды илимий эмгектен алып салуу керек. Тарыхнаамалык багытты кеңейтүү зарыл. Диссертацияда Ө.Караевдин эмгектерине жакшы баа берилген. Ошол эле учурда кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы тарыхы боюнча жазган, Г.П. Супруненконун эмгектерине талдоо жүргүзүлгөн эмес. Анын эмгектерин сөзсүз түрдө көрсөтүү керек. Изденүүчү диссертациялык ишине карата айтылган сын пикирлерди туура кабыл алып, илимий ишин андан ары улантат деп ишенем.

Урматтуу кесиптештер, диссертациялык иш тууралуу кимде дагы кандай сунуштарыңыздар бар?

**Профессор Жакыпбеков Ж.Ж.:** Менин оюмча, диссертациялык иш татыктуу жазылган. Диссертациялык ишти коргоого сунуштайлы.

**Асанов Т.И. - жыйындын төрагасы:** Урматтуу кесиптештер, жалпысынан Ө.Ж. Алымкожоевдин диссертациялык ишин коргоо үчүн диссертациялык кеңешке сунуш кылынсын деген бир сунуш түштү. Урматтуу кесиптештер, ушул сунушту колдойбуз дегендер добуш берип койсоңуздар. Бардыгы - “макул”, “калыс”, “каршы” – жок. Бир добуштан кабыл алынды.

Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистиги боюнча тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясына

**Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасынын жыйынынын**

**КОРУТУНДУСУ**

**Иштин актуалдуулугу.** Кыргызстан эгемендүүлүккө ээ болгондон кийин кыргыз тарыхына жана кыргыз таануу тармагына чоң салым кошкон окумуштуулардын өмүрүн жана ишмердигин жаңыча изилдөө үчүн жаңы шарттар жаралды.

Кыргыздардын этностук тарыхы, этногенези, этномаданий жалпылыктары тууралуу ж.б. маселелер боюнча көйгөйлөрдү археологиялык, жазма жана башка булактар аркылуу изилдөөнү жалпы Ички Азия, Борбордук Азия жана Түштүк Сибирдеги курал-жарактын өнүгүү тарыхы жана көчмөндөр цивилизациясынын тарыхы менен айкалыштырып иликтеп келе жаткан чыгаан инсан — орусиялык археолог жана тарыхчы, тарых илимдеринин доктору, профессор Юлий Сергеевич Худяков болуп саналат.

Жогоруда айтылган байыркы жана орто кылымдардагы кыргыз тарыхынын комплекстүү маселелеринин көпчүлүгү профессор Ю.С. Худяковдун XX кылымдын 70-жылдарынын ортосунан бери жүргүзүп келе жаткан археологиялык, кыргыз таануу, түркология, этнология, курал-жарак таануу, маданият таануу жана башка тармактарды камтыган илимий эмгектеринде чагылдырылып келет.

Илимпоз Ю.С.Худяковдун эмгектерин ар тараптуу талдоо менен бирге кыргыздардын байыркы жана орто кылымдардагы этносаясий тарыхын, аскердик тарыхын, социалдык абалын, башка элдер менен болгон дипломатиялык алакаларын, маданий-чарбалык түзүлүшүн жана башка маселелерди жаңыча тактоо да — азыркы мезгилдеги кыргыз тарыхнаамасы үчүн актуалдуу зарылчылык.

**Изилдөөнүн теориялык-практикалык жаңычылдыгы.** Окумуштуу, археолог, кыргыз таануучу, профессор Ю.С. Худяковдун ата-теги, өмүр жолунун урунттуу учурлары жана илимий ишмердиги заманбап Кыргыз

тарыхнаамасында диссертациялык деңгээлде биринчи жолу атайын изилденди. Энесай кыргыздарынын орто кылымдардагы этностук тарыхы, кыргыздардын аскердик иши, курал-жарактары ж.б. илимий маселелерди иликтөөдөгү жаңы баскычтар профессор Ю.С.Худяковдун илимий көз караштары, тыянактары аркылуу талданды. Ю.С. Худяковдун кыргыз таануу илимине, анын ичинде кыргыздардын жана Кыргызстандын байыркы доордогу жана орто кылымдардагы тарыхын изилдөөгө кошкон салымына салыштырмалуу илимий талдоонун негизинде алгачкы ирет диссертациялык деңгээлде жалпылама баа берилди.

**Жыйынтыктар жана сунуштар.** Диссертациянын илимий жыйынтыктары байыркы доордогу жана орто кылымдардагы кыргыз мамлекетинин этносаясий тарыхын, Теңир-Тоо жана Энесай кыргыздарынын этностук тарыхын, этногенезин, маданиятын, аскер ишин, ж.б.у.с. маселелерди жаңыча иликтөөдө пайдаланылышы күтүлөт. Диссертациянын материалдары Кыргызстандын жана жалпы эле Борбордук жана Ички Азия, Теңир-Тоо, Энесай чөлкөмдөрүнүн орток жана айырмалуу тарыхтары боюнча жалпылама эмгектерди жазууда, заманбап окуу китептерин, окуу куралдарын, тандалган сабактарды даярдоого көмөк берет. Ошондой эле, диссертациянын маалыматтары Кыргызстандын орто кылымдардагы тарыхынын тарыхнамасы курстарын окутууда баалуу окуу материалы катары колдонулмакчы.

Диссертациялык изилдөөнүн **мазмуну** 07.00.02 – Ата мекен тарыхы адистигине туура келет.

Диссертациялык иштин **түзүлүшү жана көлөмү** Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын кандидаттык диссертацияларга койгон негизги талаптарына жооп берет.

**Диссертацияны талкуулоонун негизинде тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасынын жыйыны төмөнкүдөй чечим кабыл алат:**

Жусуп Баласагын атындагы КУУнун Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин Кыргызстандын тарыхы кафедрасы, изденүүчү Алымкожоев Өмүрбек Жумадиловичтин «Орусиялык археолог Ю.С. Худяковдун кыргыз таанууга кошкон салымы» деген темадагы 07.00.02 – Ата мекендин тарыхы адистиги боюнча жазылган диссертациялык иши өз алдынча аткарылган илимий-теориялык эмгек катары баалансын жана тарых илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн ачык коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрагасы,**
**Жусуп Баласагын атындагы КУУнун**
**Тарых жана чөлкөм таануу факультетинин**
**Кыргызстандын тарыхы кафедрасынын**
**башчысы, т.и.к., доцент** **Т.И. Асанов**

**Катчы** **Г. Амирбек кызы**

Кол тамгасын тастыктайм
УР ж-а ИКЖБнын башчысы Жайнакова А.А.